**«Чыныбай Турсунбеков «Мен дүйнөгө баланын көзү менен карайм» эскерүү китеби боюнча Эссе жазуу конкурсунун ЖОБОсу.**

## I. Жалпы жобо

1.1. Конкурс «Чыныбай Турсунбеков атындагы фонд» тарабынан өткөрүлүүдө.

1.2. Конкурстун максаттары:

– элибиздин китеп окуу маданиятын көтөрүү жана руханий-интеллектулдык дараметин байытуу.

1.3. Конкурстун катышуучулары Чыныбай Турсунбековдун басып өткөн байсалдуу жолун чагылдырган «Мен дүйнөгө баланын көзү менен карайм» деген эскерүү жыйнагын толук окуп чыккан соң сунуш кылынган 3 теманын бирин тандап эссе жазышат:

– Мен Чыныбай Турсунбековдой чоң акын болгум келет;

– Мен Чыныбай Турсунбековдой чыгаан ишкер болгум келет;

– Мен Чыныбай Турсунбековдой чынчыл саясатчы болгум келет

1.4. Катышуучу бир теманы тандоону чечкен болсо, Эссенин көлөмү 5 (беш) беттен кем эмес  болусу шарт.

1.5. Катышуучу үч тема боюнча Эссе жазууну чечкен болсо, үч теманын ар бирине 3 беттен кем эмес Эссе жазышы керек.

1.6. Эссе жазуунун шарттары:

– А4-форматта 5-9 бетке чейин жазылат;

– 14-тамгада «Tims News Roman» шрифти колдонулат, интервал 1,5 түзөт.

## II. Конкурска катышуунун шарттары:

2.1. Конкурска 14 жаштан 20 жашка чейинки жаштар катыша алышат.

2.2. Конкурска катышуу үчүн автор кайрылуу баракчасыны толтуруп, ага кошумча 2 файл тиркейт:

– конкурстук чыгарма (эссе)

– катышуучунун сүрөтү.

2.3. Конкурстук арыздардын берилиши:

– www.tursunbekov.kg сайтынан толтурса болот;

- электрондук почта аркылуу fond.tursunbekov@gmail.com адресине «Эссе конкурсуна» деген белги менен);
- кагазга түшүрүлгөн варианттар болсо (басма текстин) Фонддун Бишкек шаарындагы дарегине почта аркылуу жөнөтүү же болбосо алып келүүсү шарт.

Фонддун дареги: Кулиев көчөсү № 2, почта индекси 720010.

Сурап билүү үчүн телефон: 0312 658-658, 0557 171-760, 0708 726 -827

## III. Калыстар тобу жана баалоо критерийлери

3.1. Эсселерди баалоо үчүн Уюштуруучу 5 (беш) адамдан турган Калыстар тобун түзөт.

3.2. Эсселер конкурстун уюштуруучулары тарабынан катталат жана калыстар тобуна автордун аты-жөнүн көрсөтпөй катталуу номерлери боюнча берилет.

3.3. Калыстар тобунун ар бир мүчөсү чыгарманы баалоодо тиркелген баалоо формасы менен иш алып барат.

3.4. Баалоо критерийлери:

- Теманы өздөштүрүү жана материалды берүү деңгээли («Мен дүйнөгө баланын көзү менен карайм» китебинин мазмунун канчалык терең өзгөштүргөнү катышуучунун эссесинен көрүнүшү керек. Бирок аталаган китептеги окуяларды көчүрүп чыгуу кажетсиз. Болгону китептин башкы каарманы Чыныбай Турсунбековдун образынын калыптануу учурундагы кайда бир маалыматтарга таянуу аркылуу өзүнүн ой пикирлерин так, даана бере билгендиги бааланат).
- Грамматикасы (тексттин сапаттуулугу, тагыраак айтканда, катасыз жазылгандыгы).
- Үч темага тең кайрылган жана жеткиликтүү деңгээлде ача билген катышуучулардын Эссесине артыкчылыктар берилет.
- Чыныбай Турсунбеков атындагы фонддун ишмердүүлүгүн мындан ары дагы кандай аракеттер жана иш-чаралар менен дүркүрөтүп өнүктүрүү боюнча айткан кеп-кеңештерди жана сын-пикирлерди сунуштаган окуучуларга өзгөчө көңүл бөлүнөт.

## IV. Конкурстун этаптары жана мөөнөттөрү

4.1. <u>Тандоо этабы:</u> эсселер 2023-жылдын 1-апрелинен 2023-жылдын 20-майына чейин кабыл алынат.

4.2. <u>Баалоо этабы:</u> эсселерди окуп чыгуу жана баалоо 2023-жылдын 1-июнуна чейинки убакытта ишке ашырылат.

4.3. Финал: 29-июнь – 2 июль 2023-ж. Ысык-Көлдүн жээгинде өткөрүлүчүү эл аралык «Жылдыздуу жээк» поэзия фестивалынын алкагында өтөт.

4.4. Чыгармаларды баалоо 5 баллдык системада үч критерий боюнча жүргүзүлөт. Катышуучуларга Калыстар тобунун мүчөсү тарабынан берилген максималдык баа 15 баллды, жалпы Калыстар тобу берген максималдык баа 75 баллды түзөт.

4.5. Уюштуруучу баалоо баракчаларын текшерип чыгып 6 (алты) финалистти аныктайт.

4.6. 1 – этаптын финалисттери «Акун Ысык-Көл» пансионатынын базасында өткөрүлүчү Эл аралык «Жылдыздуу жээк» поэзия фестивалына жолдомо алышат. Мектеп окуучулары аларды даярдаган мугалими менен чогуу чакырылышат.

4.7. Финалда ар бир катышуучуга 30 мүнөттүк мөөнөттө публикага өзүн финалист катары тааныштырат. Эссе текстинде айтылбай калган маалыматтарын оозеки түрдө толуктап баяндап берип, андан кийин суроо-жооп иретинде баарлашууну жүргүзөт. Эң акырында Чыныбай Турсунбеков “Кыргызстандын жакынкы үч-беш жана 30-50-100 жылдык келечегин кандай элестетиши мүмкүн эле” деген темада 5-7 мүнөттүн ичинде өзүнүн ой толгоосун ортого койот.

4.8. Баалоо 5 баллдык системада жүргүзүлөт. Калыстар тобунун мүчөсүнүн берген максималдык баа 5 баллды, жалпы Калыстар тобу берген баа 25 баллды түзөт.

4.9. Эки этаптын жыйынтыктоочу суммардык балл конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктайт (1-орун, 2-орун, 3-орун, 4-орун, 5-орун, 6-орун).

4.10. Калыстар тобу конкурстун жыйынтыктоочу протоколун түзөт.

4.11. Калыстар тобунун чечими талкууга алынбайт жана өзгөртүлбөйт.

4.12. Конкурстун жыйынтыгы комиссия мүчөлөрү тарабынан жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземине чейин ачыкка чыгарылбайт.

## V. Жеңүүчүлөрдү жарыялоо жана сыйлоо

5.1. Конкурстун жыйынтыгын жарыялоо жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи Ысык-Көлдүн жээгинде «Жылдыздуу жээк» эл аралык поэзия фестивалынын жабылыш аземинде өткөрүлөт.

5.2. Конкурстук байге фонду 100 000 сомду түзөт:

1-орун — статуэтка жана 30000сом сыйлык

2-орун – диплом жана 25000сом сыйлык

3-орун – диплом жана 20000сом сыйлык

4-орун - диплом жана 15000сом сыйлык

5-орун – диплом жана 10000сом сыйлык

6-орун – диплом жана 5000сом сыйлык